Агрардык-техникалык факультети
Маалыматтык технологиялар кафедрасы

**«Заманбап эмгек рыногунун талаптары: жумуш берүүчүлөр жана ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнүн пикирлери»** аталыштагы форумдун

# ПРОТОКОЛУ

20.02.2024

**Катышкандар:**

1. Кулманбетова С.М. – доценттин м.а., кафедра башчысы
2. Касымова Г.А. – Окуу бөлүмүнүн башчысы
3. Асыранбекова М.К. – Агрардык-техникалык факультетинин деканы
4. Бекирова Д. О. - Экономика, туризм жана башкаруу кафедрасынын башчысы
5. Чекирова Г.К. – доцент
6. Ажыбаев Д.М. – проф.м.а.
7. Бейшеналиева У.Ү.– доценттин м.а.
8. Осмонова Б.М. – ага окутуучу
9. Жакыпова Ф. Т.- окутуучу
10. Канатбеков К.К. - окутуучу
11. Айыпказиева Р.А.- лаборант, катчы.

**Иш берүүчүлөр:**

12. Омуралиев Н.А. – Оптима Банк ААКнун Нарын филиалынын директору
13. Алыбаева В.Р. - Бакай банк ААКнун Нарын филиалынын башкы бухгалтери
14. Жамбаев Э.Ж. – Нарын шаардык муниципалдык ишканасынын директору
15. Тоголоков Т.Б. – Телеком ААКнун Нарын филиалынын сатуу бөлүмүнүн башчысы
16. Айдакеева С. – НРАЭжСӨ башкармалыгы
17. Олжобай к.М. – Нарын ш. №2 В.П.Чкалов мектеби
18. Исакова Анара – Нарын ш. № 7 М.Сыдыков мектеби
19. Абдылдабекова М. – Ат-Башы р.Кызыл-Туу бала бакчасы, тарбиячы
20. Жунушбаева Т. – Нарын шаарындагы №1 бала бакчанын директору
21. Байбосова Н. – Нарын шаарындагы №15 бала бакчанын директору
22. Замирбеков А.З. – Президенттин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн IT адиси, бүтүрүүчү
23. Кубанычбеков А. – Сот департаментинин Нарын областтык башкармалыгынын IT адиси, бүтүрүүчү
24. Кылычбеков С. - Нарын шаардык муниципалдык ишканасынын жер боюнча адиси, бүтүрүүчү
25. Ишенбек у.Д. – С.Нааматов атындагы НМУнун IT адиси, бүтүрүүчү
26. Тилек уулу Н. - С.Нааматов атындагы НМУнун IT адиси, бүтүрүүчү
27. Эсенгулов Ж. – Финка банк Нарын филиалы, IT адис
28. Маратов К. - С.Нааматов атындагы НМУнун IT адиси, бүтүрүүчү
29. Майрамбекова Н. - С.Нааматов атындагы НМУнун IT адиси, бүтүрүүчү

30. Болотбек уулу Аман – Нарын облустук С.Орозбак а.китепкананын IT адиси, бүтүрүүчү

## Күн тартибиндеги маселелер:

1. Маалыматтык технологиялар кафедрасынын башчысы С.М.Кулманбетованын кафедранын ишмердүүлүгү жана негизги билим берүү программасы (НББП) боюнча маалыматы
2. “Колдонмо информатика” багытынын негизги билим берүү программасын талкулоо
3. НББПгы бүтүрүүчүнүн компетенциясы тууралуу талкуу
4. Бүтүрүүчүгө иш берүүчүлөр тарабынан коюлган талаптар жана сунуштар

**Угулду:** Маалыматтык технологиялар кафедрасынын башчысы С.М.Кулманбетова сөз сүйлөп, форумга келген иш берүүчүлөргө, бүтүрүүчүлөргө терең ыраазычылык билдирип, кафедра мүчөлөрүн жана студенттерди тааныштырып өттү. Кафедранын студенттер менен иш алып баруусу, окуу процесси жөнүндө маалыматты презентациялап берди. Презентацияда төмөндөгү маалыматтар берилген:

I) окутуучулар жана алардын ишмердүүлүктөрү;

II) кафедрадагы 3 багыт боюнча маалымат: 1.Саламаттыкты сактоодогу информатика; 2. Информатика жана эсептөө техникасы; 3. Экономикадагы колдонмо информатика.

III) Окутуучулардын жана студенттердин мобилдүүлүгү. Булардын ар бирине кененирээк токтолуп маалымат берип өттү.

**Кулманбетова С.М.:** Биздин кафедрада үч адистикти даярдап келе жатабыз. Ар бир багыт боюнча сиздер менен биргеликте форумда талкуу жүргүзүп аккредитациядан өтүп жүрөбүз. 2017-жылдан бери АТФде иш берүүчүлөр менен жолугушуу форуму өтүп келет. Форумдун негизги максаты аккредитациянын талабына ылайык, сиздердин сунуштарыңыздарды эске алуу менен компетенттүү адистерди даярдап чыгуу. Бул жолугушууда университетте даярдалып жаткан багыттардын негизги окуу программасы, дипломдук иштердин темалары талкууланып, иш берүүчүлөрдүн талаптары, сунуштары угулат. Экономикадагы колдонмо информатика багытында күндүзгү окуу бөлүмүндө 20 студент, сырттан окуу бөлүмүндө 91 студент окуп жатышат. Жалпысынан окуу планда 59 дисциплина каралган. Анын ичинен 12 дисциплина тандоо курсу болуп саналат. Бул багытты даярдоодо эки кафедра биргеликте иш алып барабыз. Компьютердик технологиялар боюнча баардыгы 44 дисциплинаны Маалыматтык технологиялар кафедрасынын окутуучуларына бөлүнгөн. Экономика багыты боюнча 15 дисциплинаны Экономика, туризм жана башкаруу кафедрасынын окутуучулары өтүп беришет. Экономикадагы колдонмо информатика багытын даярдоодогу негизги максатыбыз профиль боюнча маалыматтык технологияларды экономикада колдоно билген, башкача айтканда бүтүрүүчүлөрдү экономист, жаңы маалыматтык технологияларды колдоно билген

программист, компетенттүү кесипкөй адис кылып даярдоо болуп саналат. Адистерди даярдоодо келечекте бүтүрүүчүнүн маалыматтар менен иштөөсү, экономиканын ар кандай секторлорун, анын ичинде маркетинг, финансы, логистика, базар экономикасын талдоо, маалыматтык системаларды иштеп чыгуу жана пайдалануу үчүн зарыл болгон кесиптик жөндөмдүүлүгүн калыптандыруучу эн негизги максаттардын бири. Негизги билим берүү программасы стандарттын негизинде иштелип чыгып, анын негизинде окуу процесси жүргүзүлөт. Биздин бүтүрүүчүлөрдүн негизги багыттарынын дагы бири бул проект түзүү, ошондой эле азыркы учурдун талабы, акталдуу болуп жаткан стартап программаларды иштеп чыгуу деп түшүндүрүп, көрсөтмө берип чогуу иш жүргүзөбүз. Келечекте иш ордуна барганда бүтүрүүчү өндүрүштүк технологияда маалыматтык тутумдар менен иштей билүүсү, программаларды отургузуу, жөндөй алышы керек. Ошону менен бирге уюштуруучулук жана башкаруучулук компетенцияларына дагы даярдайбыз. Себеби, проект жазса, курс өтсө жогорудагы жөндөмдөр менен аналитикалык маалыматтарды талдап иш алып барууларына өтө зарыл. Азыркы учурда маалыматты талдоо өтө кеңири тарап жатат.

Окуу планы, дисциплиналар, жумушчу программалар, окуу процессинин календарлык графиги, практиканын түрлөрү ж.б. баардык материалдар НББПда каралат. НББПнын мазмуну стандарттка ылайык иш берүүчүлөр менен биргеликте чогуу иштелип чыгышы керек. Себеби, НББПга иш берүүчүлөрдүн кызыкчылыктарын эске алып төмөнкүдөй компетенцияларды, сабактарды кошсок болот деген сунуш киргизилет. Талкуунун жүрүшүндө сиздер тараптан сунуш пикирлерди күтөбүз. Кийинки сөздү улантууга кафедранын ага окутуучусу, ЧТжКСП колледжинин директору Б.М.Осмоновага берсек.

**Осмонова Б.М.**: Саламатсыздарбы! Урматтуу коноктор келип бергениңиздер үчүн терең ыраазычылык билдирип кетебиз. Университетте 2014-жылдан бери IT колледжи кафедра менен биргеликте иштерди алдыга жылдырып, өнүктүрүп келе жатабыз. Колледждин IT тармагын бүтүргөн студенттер Маалыматтык технологиялар кафедрасына тиешелүү адистиктерге 3-курска отуруп окуусун улантып кетишсе болот. Алдыдагы сөздү кафедранын доц.м.а. Уулкан Үсөнбековна кызматташуулар, стартап проекттер, алдыдагы иш пландар боюнча кененирээк токтоло кетсин.

**Бейшеналиева У.Ү.:** Бермет Майрамбековна айтып өткөндөй кафедра менен 2014-жылдан биргеликте тыгыз иш алып баруудабыз. Кафедранын, колледждин студенттери биргеликте окутуучулардын жетекчилиги астында стартап программаларга, конкурстарга, конференцияларга команда болушуп чогуу иш алып баруудабыз. Андан сырткары мектептерге, бала бакчаларга келип түшкөн кайрылуулар боюнча компьютердик сабаттуулук боюнча курстарды чогуу ишке ашыруудабыз. Ошол эле учурда бала бакчалардагы, мектептердеги кызматкерлерден сурамжылоо жүргүзгөнбүз. Жыйынтыктын негизинде 3D, анимация, робототехника, жасалма интеллект жана жаны санариптик технологияларды колдонуу боюнча иштерди жүргүзүү, кызматташуу алдыда турат. Иш берүүчүлөр менен түзүлгөн келишимдер, меморандумдар менен кызматташуубузду дагы улантып жүргүзөбүз.

**Кулманбетова С.М.: -** Урматтуу бүгүнкү форумдун катышуучулары кийинки сөздү алдыдагы аккердитацияга иштелип чыккан НББПнын, практикалардын

программаларынын эксперти, ОАО "БакайБанк" Нарын филиалынын башкы бухгалтери В.Р.Алыбаевага берсек.

**Алыбаева В.Р -** Саламатсыздарбы, ыраазычылык билдирем. Кафедра менен көп жылдан бери кызматташып келе жатабыз. Банк секторунда иштеген адистердин көпчүлүгү НМУнун бүтүрүүчүлөрү, анын ичинен IT адистерибиз өз ишин мыкты өздөштүргөн адистер. Менин сунушум азыркы учурда технология өнүгүп жаткан мезгилде маалыматты коргоо дагы өтө зарыл болуп турган учуру. Тиркемелерди коргоодо киберкоопсуздук боюнча дагы жаңыланган, күчөтүлгөн программаларды үйрөнүп барышса бизге ошол жагы абдан маанилүү. Чоң рахмат. Ишиңиздерге ийгилик.

**Омуралиев Н., ОАО "ОптимаБанк" директору -** Саламатсыздарбы, бүгүн форумка катышып, Нарын мамлекеттик университети, кафедрага тиешелүү багыттар тууралуу жакшы маалымат ала алдым. Биздин филиалдын 50% кадрлары НМУнун бүтүрүүчүлөрү болуп саналат. Студенттерге эң жакшы шарт түзүлүптүр. Эки адистикти бириктирип бир багыт берилип, экономика, программист бул силерге берилген эң сонун мүмкүнчүлүк. Жогоруда Бай түшүм банкынын өкүлү айтып өткөндөй жаңы технологиялар менен иштеп кеткидей, маалыматтын коопсуздугун жакшы өздөштүрүп кете алган IT адистер абдан керек жана НМУну ийгиликтүү аяктап, бизге компетенттүү адистер барат деп ойлойм.

**Жаамбаев Э., Нарын шаардык муниципалдык ишканасынын башчысы -** Саламатсыздарбы мен да НМУнун бүтүрүүчүсүмүн. Бүгүнкү күндө Нарын шаардык муниципалдык ишканасын жетектеп иш алып барып жатам. Биздин региондун өзгөчөлүгү таза кыргыз тилдүү аймак деп айтсам жаңылышпайм. Азыркы убакта Өкмөт тарабынан берилген буйруктун негизинде иш кагаздарын алып баруу кыргыз тилинде жүрүп жаткандыктан студенттерди окутууда кыргыз тилине басым жасап окутсаңыздар. Эже-агайлар бизге багыт берет, калганы улап кетүү силердин колуңарда. Студенттерге кеңешим азыр өтө көп мүмкүнчүлүктөр бар. Аракет кылсаңыздар көп нерсеге жетишесиздер. Мекеменин жетекчиси катары кафедрага сунушум "ишти уюштуруу жана өз алдынча чечим кабыл алуу" компетенциясына көңүл бөлүнсө жана практикалык ишке басым жасалса. Университте азыркы учурдун талабына ылайык компетенттүү адистер даярдалып жатканына дагы бир жолу ынандык, себеби Маалыматтык технологиялар кафедрасынын студенттери биздин мекемеге дайыма практикага барышат. Сиздерге да рахмат. Чогуу иш алып барууга дайым баарыбыз даярбыз. Студенттер да эртен эле эл керегине жарап, ак кызматын мекенине арнасын. Ишиңиздерге ийгилик.

**Кулманбетова С.М -** Азыр сиздерге биздин студенттердин иштерин тартуулайбыз, бул иштер тиешелүү сабактардан даярдалган, бул студенттер жасаган иштерин өздөрү презентация кылып беришет.

**Калыбеков Адил -** Саламатсыздарбы, мен ПИЭ багытынын экинчи курсунун студентимин Бүгүн сиздерге 3D моделдөө боюнча ишимди тааныштырам. Мен программалоо тилдерине кичинемен кызыгам. Келечектеги максатым күчтүү программист болуп Кыргызстанда IT тармагын өнүктүрүү.

**Осмонова Б.М. -** Азыркы учурда студенттер абдан мобилдүү. Ар тараптуу билим алып, иш алып барышат. Бул студенттерден башка да студенттердин иштеп жаткан жумуштары бар. Азыркы учурда ПИЭ-21 группасынын үчүнчү курстун студенти Жумабеков Рамис мобилдүүлүк программасы менен Түштүк Кореяда 6 айга окууга кетти. Дагы

ийгиликтерибиз тууралуу биздин НМУнун сайтынан жана кафедранын Facebook баракчасынан таанышып турсаңыздар болот. Келип бергениңиздерге чоң рахмат.

**Кулманбетова С. М. -** Бүгүнкү жолугушуу өз максатына жетти деп ойлойм, сиздерден дагы көп кеңештерди, сунуштарды күтөбүз, убактыңыздарды бөлүп келгениңиздерге кафедранын атынан ыраазычылык билдирем.

**Чекирова Г.К.** – Студенттерди окутканда сиздердин сунуш-пикрлериңиздерди, оюңуздарды угуп ошого багыттап окутабыз. Сиздерден консультация алып, кызматташып турабыз. Кафедрадан практикага барган студенттерибизге жакшы кеңеш айтып, кесипке тарбиялап, жумуш ордун табууга көмөктөш болобуз деп ишенебиз. Квалификациялык бүтүрүү иштеринин чогуу изилдеп, биргеликте иштөө үчүн темаларды сунуштасаңыздар да болот. Рахмат.

**Жогоруда айтылган маселелерди талкуулап кафедранын отуруму**

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Агрардык-техникалык факультетинде 20-февраль 2024-жылы өткөрүлгөн С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Маалыматтык технологиялар кафедрасы менен иш берүүчүлөр ортосундагы байланышты күчөтүү максатында **«Заманбап эмгек рыногунун талаптары: жумуш берүүчүлөр жана ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнүн пикирлери»** кызматташтык форуму максатына жетти.
2. Аталган кызматташтык форумда иш берүүчүлөрдүн сунуш-пикирлери эске алынып, төмөндөгүдөй жыйынтыкка келди:

**«Заманбап эмгек рыногунун талаптары: жумуш берүүчүлөр жана ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнүн пикирлери»** кызматташтык форуму **20.02.2024**

| Кафедра | Багыттар | Каралган маселелер жана жыйынтык | Иш берүүчү мекемелер |
|---|---|---|---|
| **Маалыматтык технологиялар кафедрасы** | Экономикадагы колдонмо информатика | Негизги билим берүү программасын талкуулоо | 1.Нарын шаардык муниципиалдык ишканасы,<br>2.Оптима Банк ААКнун Нарын филиалы<br>3.Бакай банк ААКнун Нарын филиалы<br>4.Телеком ААКнун Нарын филиалы<br>5.Нарын райондор аралык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгы<br>6.Президенттин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү |

<table>
<tr><td></td><td></td><td></td><td>7.Сот департаментинин Нарын областтык башкармалыгы<br><br>8. Нарын облустук бириктирилген ооруканасы</td></tr>
<tr><td></td><td colspan="3">Уюштурулган форумдун негизинде МТ кафедрасында төмөндөгүдөй чечимдер кабыл алынды:<br><br>1. Окуу программасынын структурасын кызыкдар тараптар менен талкуулоо жана ар кандай иш чаралар маал-маалы менен өтүп туруу. Мекемелерден адистердин тажрыйбасын алуу үчүн кызматташуу дагы улантылып, меморандумдар жаңылансын<br>2. Иш берүүчүлөрдүн сунушу менен бүтүрүүчүлөрдүн маалыматтык коопсуздук боюнча жана ишти уюштуруу жана өз алдынча чечим кабыл алуу" компетенциясына көнүл бурулсун;<br>3. Биргелешкен форумда окуу программасын талкуулоодо иш берүүчүлөр студенттердин практикалык иштерине басым жасалышын сунуштаганы эске алынсын.</td></tr>
</table>

Кафедра башчысы, ф-м.и.к. Кулманбетова С.М.

Жыйындын катчысы: Айыпказиева Р.А.